Эгембердиева А

“Айгине” маданий-изилдөө борборунун

илимий кызматкери

## З.СООРОНБАЕВАНЫН АЛГАЧКЫ ПОЭТИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮЛӨРҮ

1960-жылы жарык көргөн дагы бир алгачкы саамалык Зуура Соо-ронбаевага тиешелүү. Анын китебинин негизги бөлүгүн коом, мекен, эл, жер, адам милдети, эмгек темасындагы граждандык ырлары түзөт. Мындан тышкары, Ысык-Көлдүн сулуулугун сүрөттөгөн пейзаждык, эне түйшүгүн астейдил сөзгө алган эне, тынчтык темасындагы ырлары бар. “Гүлдөй бергин, мекеним”, “Улуу план”, “Менин шаарым”, “Кыргызымдын үйүндө”, “Мектебим”, “Волга”, “Мелдеш”, “Тазалык”, “Ынтымак”, “Буларды билгин, комсомол”, “Актай билгин эмгегин”, “Корей кызына кыргыз кызынан кат” өңдүү ырларынын аталышы аларда кеп эмне жөнүндө болоорлугун кабарлайт. Анткени ал темаларда кайманалуулук жок, өздөрү эмнени айтып турса, тулкусунда ошол мазмунду чагылдырат.

Акындын турмуштук кредосун төмөнкү саптар айтып тургандай:

*Элим кыргыз, каным кыргыз тамчысы,*

*Бак-таалайым ушул элдин колунда.*

*Керек десе жаным курман, мынакей,*

*Аксын каным күрөштөрдүн жолунда* (З. 8-б.).

Ашкере ооз көптүрүп айтып жаткансыган бул ой, чынында, акындын дилинен чыккандыгын башка ырлары күбөлөйт. Акын өз турмуш-тагдырын коомдун шарданынан бөлүп карабаган, социализмдин абасын кере жутуп, алдыда коммунизмдин чокуларына абай салган адам катары таасир калтырат. Китептин эң алгачкы бетиндеги “Гүлдөй бергин, мекеним” аттуу ырынын лирикалык кейипкери – Улуу Ата-мекендик согуштун жоокери:

*“Жашай бергин улуу тынчтык тиреги,*

*Өзүң менен биз да гүлдөй берели.*

*Аркабыздан кошо ээрчитип дүйнөнү,*

*Коммунизм төрлөрүнө келели”* (З. 3-б.),

- деп тилек кылса, башка бир ырынын каарманы: “Улуу жолдун зор планын көрсөткөн, Сенсиң биздин Комму-нисттик партия”, - деп ыраазычылыгын билдирет. Дегеле, лирикалык каар-мандын айтканы деп биз аларга шылтап жаткан ойдун бардыгы акынга тиешелүү нерсе экендиги талашсыз. Балким, биз лирикалык каарман деп отурбай эле, “акын минтип айткан” деп эле талдообуз керектир.

Баса, лирикалык каарман маселе-сине келгенде, адабият таанууда дал ошол алтымышынчы жылдары бир топ талаш-тартыштар болгон. Лирикалык каарманды “адабият таануудагы көрүмчү” (“призрак в литера-туроведении”) (4) деп атаган В.Томашевский адабиятчылардын орто-суна от таштаган. “Көрүмчү эмес, элес (образ)” (“Образ, а не призрак”) (2) деп сылык жооп кайтарган З.Паперный чыныгы адамды көркөмдүк жактан жалпыланган образ менен алмаштырбоо керектигин билдирген. “Лирикалык каарман – бул “лирикалык калдык, саркынды” (“лирический пережиток”) (1) экендигин бекемдеп В.Назаренко З.Паперныйды “беттен алат”. Бул пикирлердин бардыгын жалпылап келип, адабиятчы Ал.Михайлов лирикалык каармандын М.М.Пришвин айткандай, акындын өзүнүн образы экендигин баса көрсөткөн.

Жогорку Ал.Михайловдун пики-рине ынаналы десек, айрым учурда аял затынын өкүлү болгон акын бир жигиттин атынан, же болбосо акын жигит сулуу кыздын атынан ыр жазып жаткандагы мисалды кандайча чечмелейбиз? Айталы, З.Соорон-баеванын жогорудагы бет ачаар ырындагы лирикалык каарман:

*“Каракчылар бизге колун салганын,*

*Угаар замат колго курал алгамын.*

*Жат душмандан таалайымды коргоого,*

*Мен да жоонун алдын тосо баргамын”* (З. 3-б.),

- деп жатпайбы.

*“Гүлдөй бергин, ырыска кең мекеним,*

*Бешигиңде ырдайм, жыргайм, эркемин.*

*Гүл зарыңда улуу жыргал даңкыңды,*

*Күүгө салып комуз менен чертемин.*

*Камсыз кылган өмүрүмдүн жыргалын,*

*Сенсиң мекен менин ыйык ардагым.*

*Өзүң үчүн канын, жанын аябайт*

*Бешигиңде термелишкен балдарың”,*

- деп айтылып келе жаткан ойду акындын көкүрөгүнөн чыккан агедил ой катары кабылдай келип, жанагы куплетке жеткенде жоокердин сөзүн эшиткендей болосуң. Кабылдоодогу ажырым “лирикалык каарман” түшүнүгүндөгү жогорудагыдай талаш-туу ойлорду алдыңа коет. Демек, лирикалык каарман дегенибиз бардык эле учурда акындын өзү эмес.

З.Сооронбаеванын атуулдук жаркын мамилесинен тышкары, адеп-ахлактык маселелерди козгогон ырлары дагы сөзгө аларлык. Алардын бири китептин эң аягында жайгашкан “Ичпеди деп суранды” деген өтө жупуну аталыштагы көлөмдүү ыры болуп эсептелет. Анда лирикалык каарман өзүнүн бала кезиндеги кошунасы Ажар эжени, анын кичине уулу Салбарды жылуу эскерүү менен баян башталат. Кичинекей бөбөккө Салбар деген жагымсыз аттын коюлушу Ажар эженин жылда бала төрөсө чарчай берген тагдырындагы акыркы арга экендигине байланыштуу. Кыргыздын ырымы боюнча үй-бүлөдө бала токтобосо, кийинки төрөлгөн баласына начар ысым коюу же кимдир бирөөнө берип коюп, кийин чоңойгондо сатып алды кылып кайр алуу аркылуу балдарынын аман калышына арга табышкан.

Салбардын кийин эне баркын билбес, эси жок, ичкич болуп калгандыгы жалгыз бала катары эне тарабынан өтө эркелетилип жибе-рилгендигине байланыштуу болгондугу кейүү менен сөзгө алынат. Эненин трагедиясы ачылып берилет. Бул жана башка ырлардан байкалган нерсе акындын ойлорунун масштабдуулугу болуп эсептелет. Чакан ыр аркылуу сюжет түзүү чеберчилиги, ой сыйымдуулугу барып акыры акындын прозалык ири чыгармаларды жаратуусун шарттаган.

Акындын сүйүү ырлары өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Алардын бир-экөөнү окуп көрөлү. “Чабан жигитке” деген ыры төмөнкүдөй:

*Алыскы Көл-Төр жүргөнүң,*

*Сагынды сени жүрөгүм,*

*Жайлоодон түшүп жакага*

*Келесиң качан, сүйгөнүм.*

*...Баккан коюң сан жеткис*

*Жүргөнүң тоонун арасы,*

*Эртели-кеч жол карап,*

*Өңүмдөн аздым, карачы.*

*Арнаган сага белегим –*

*Ак буудай арбын эгемин.*

*Колхоздо жүргөн курбуңду*

*Кайратсыз адам дебегин* (3: 47-б.).

Же:

*Тапкансып менден айыпты,*

*Ачылып неге күлбөйсүң,*

*Жаныңа барсам жакындап,*

*Сыртыңды салып сүйбөйсүң.*

*Кегиңди ичке каткансып,*

*Кер какшык айтып сүйлөйсүң.*

*... Кезикпей калган себебим,*

*Жумушта болдум бошобой,*

*Күчү менен күрөшкөн*

*Күз күрөш маалы ошондой,*

*Сүйүүбүз суубас эмгектен,*

*Кое тур аз күн жоктобой.*

*Жигиттик милдет зор болот,*

*Басканы татаал жол болот.*

*Бапестеп сүйгөн жар үчүн*

*Акпайбы тери шорголоп,*

*Күттүм деп милдет кылбачы,*

*Көңүлүм бекер кир болот* (3: 50-б.)

Ырлардан көрүнүп тургандай, сүйүү, ашыктык сезими эмгек менен эриш-аркак берилет.

Коммунизм үчүн күрөшкөн, тынымсыз эмгектенген акынды өз эже-сиңдилеринин тагдыры кайдыгер калтырбайт. “Адашкан кыш” аттуу ырынын мазмуну лирикалык каар-мандын Түргөн жакка барып конуп калгандагысы, үй ээсинин жанында байбичесинен тышкары жүргөн келинди алгач ал үйдүн келиниби деп ойлосо, ал чалдын токолу экендиги эртең менен билингендиги камтылат. Бул көрүнүшкө таң калган лирикалык каарман: “...Карачы бери, адашкан келин! Карган чал беле теңтушуң сенин. Карыдан тарткан кайгыңды көрүп, Сай сөөгүм сыздайт кысылып демим. Жоюлду десем эски салт абдан, Бар тура калдык дагы эле андан, Атасындай ак сакал туруп, Абийирби чалдар кыздарды алган. Адамдан да чыгат бейм айбан, Түкүрдүм жерге, түңүлүп жандан” (3.61-б.), - деп жаны кейийт. Акын кез келген бул өңдүү турмуш таасирлери кийин анын повесть, романдарында жаңы көркөм ачылыш тапты.

З.Сооронбаеванын алгачкы ыр китеби алтымышынчы жылдары адабиятка келген башка акын кыздардыкынан өзгөчөлүү мүмкүнчү-лүктөрдү көрсөтпөсө дагы, келечегинен көптү үмүттөндүргөн адабият талап-керинин келгенин кабарлагандай болгон. Бирок ошол алгачкы ыр китебинде чакан ырлар аркылуу масштабдуу темаларга багытты байкатуу анын кийин прозада эч кимдикине окшобогон өз стилин тапкан чебер жазуучу болушун шарттады. Кандай болгон күндө дагы, акын-жазуучунун жеке чыгармачы-лыгынын алкагында болобу, жалпы кыргыз адабиятынын алкагында болобу, өз жемишин берип, аталган китеп алтымышынчы жылдардын көркөм туундусу

катары адабияттын тарыхында өз ордуна ээ.

**Адабияттар:**

1. Назаренко В. Литературный пережиток. //Литературная газета, 1963, 16 июля.
2. Паперный З. Образ, а не призрак. //Литературная газета, 1963, 11 июля.
3. Сооронбаева З. Менин айлым. – Ф.: Кыргызмамбас, 1960.
4. Томашевский В. Призрак в литературоведении. //Литературная газета, 1963, 1 июня.